КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF THE KYRGYZ REPUBLIC

720040, Бишкек ш., К. Тыныстанов көч., 257 257, K. Tynystanov St., Bishkek 720040 720040, г. Бишкек, ул. К. Тыныстанова, 257
Тел.: 66-24-42, факс (0312) 62-15-20 E-mail: minedukg@gmail.com http://edu.gov.kg

**БУЙРУК** **ПРИКАЗ**

№ 1655/1 2022 жылдын «30» августу

**Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында окуу процессинде уюлдук байланыш каражаттарын окуучулар тарабынан чектелүү түрдө колдонуу тууралуу Сунуштарды бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында окуучулардын ден соолугунун начарлашынын алдын алуу, окуу-тарбиялоо процессинин натыйжалуулугун жогорулатуу, ошондой эле 2022-жылдын 10-майындагы "Жашы жете электер арасында укук бузуулардын алдын алуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Балдар укугу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүндө болгон кеңешменин № 32-1608 протоколун аткаруу максатында **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында окуу процессинде уюлдук байланыш каражаттарын окуучулар тарабынан чектелүү түрдө колдонуу тууралуу Сунуштар тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Бишкек жана Ош шаарларынын билим берүү башкармалыктарынын, райондук (шаардык) билим берүү бөлүмдөрүнүн жетекчилери билим берүү процессин жүргүзүүдө уюлдук байланыш каражаттарын колдонууга чектөө зарылдыгы жөнүндө менчигинин түрүнө жана формасына карабастан бардык жалпы билим берүү уюмдарынын директорлоруна, мугалимдерге, окуучуларга жана алардын ата-энелерине билдиришсин.
3. Ушул буйруктун аткарылышын контролдоо Тарбия иштери боюнча секторго (Э.М. Ибраимов) жүктөлсүн.

**Об утверждении Рекомендаций об ограниченном использовании учащимися устройств мобильной связи в учебном процессе общеобразовательных организаций Кыргызской Республики**

В целях профилактики нарушений здоровья обучающихся, повышения эффективности образовательно-воспитательного процесса, а также

реализации протокола совещания у Уполномоченного по правам ребенка Кыргызской Республики «О мерах по профилактике правонарушений среди несовершеннолетних» от 10 мая 2022 года № 32-1608, **приказываю:**

1. Утвердить Рекомендации об ограниченном использовании учащимися устройств мобильной связи в учебном процессе общеобразовательных организаций Кыргызской Республики согласно приложению.
2. Руководителям управлений образования городов Бишкек и Ош, районных (городских) отделов образования довести до сведения всех директоров общеобразовательных организаций независимо от типов и форм собственности, учителей, учащихся и их родителей о необходимости ограничения использования устройств мобильной связи при проведении образовательного процесса.
3. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на Сектор по воспитательной работе (Э.М. Ибраимов).

**Заместитель министра** **У.Э. Мамбетакунов**

Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим министрлигинин
2022-жылдын 30-августу № 1655/1
буйругуна тиркеме

**Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында окуу процессинде уюлдук байланыш каражаттарын чектелүү түрдө колдонуу тууралуу Сунуштар**

1. Ушул Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында окуу процессинде уюлдук байланыш каражаттарын чектелүү түрдө колдонуу тууралуу Сунуштар окуучулардын ден соолугунун начарлашынын алдын алуу, окуу-тарбиялоо процессинин натыйжалуулугун жогорулатуу максатында иштелип чыкты.

2. Эрте куракта уюлдук байланыш каражаттарын колдонуп баштоо жана аларды узак убакытка чейин колдонуу баланын акыл-эсинин бузулушуна, ашыкча кыжырлануу, узакка эске тутуусунун жана акылынын жөндөмүнүн төмөндөшүнө, уйкусунун бузулушуна алып келүүчү факторлор болуп саналат.

3. Төмөнкү учурларды кошпогондо Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын окуу процессинде уюлдук байланыш каражаттарын колдонууга чектөө киргизүү сунушталат:

3.1. Маалыматтык компетенттүүлүктү калыптандыруу үчүн окуу предмети боюнча маалымат издөөдө.

Смартфондордун мүмкүнчүлүктөрү аркылуу окуучулардын маалыматты өз алдынча издөөгө, талдоого, тандап алууга, иштеп чыгууга, негиздүү тыянактарды түзүүгө, анын аныктыгын баалоого, сынчыл ой жүгүртүүгө жана өз ишин пландаштыруу жана жүзөгө ашыруу боюнча толук кандуу чечимдерди кабыл алууга даярдыгын жана жөндөмүн калыптандырууга жардам берет.

3.2. Окуу процессинде онлайн тесттерди түзүүдө жана колдонууда.

Окуу материалынын өздөштүрүүсүн текшерүү үчүн смартфондорду колдонуу онлайн тесттер, интерактивдүү тапшырмалар жана башка методикалык материалдар жана куралдар аркылуу жүргүзүлүп, окутуу формаларын ар түрдүү кылууга мүмкүндүк берет.

3.3. Окуу видеосун көрүүдө же аудио жазууларды колдонууда.

Окуу видеосун көрүү үчүн смартфондорду колдонуу маалыматты кызыктуу көрсөтүүгө жана окуу процессин ар тараптуу кылууга мүмкүнчүлүк берет. Аудио жазууларды колдонуу тил сабактарында сүйлөө жөндөмүн өрчүтүүгө жардам берет.

3.4. Маалымат издөө үчүн QR-коддорду окууда.

QR-кодун окуу үчүн смартфонду колдонуу мугалимдин окуу китептеринде жана методикалык материалдарында QR-кодго шилтеме берген маалыматты издөө убактысын кыскартат.

3.5. Электрондук күндөлүктү колдонууда.

Электрондук күндөлүк окуучуларга заманбап билим берүү ресурстарына жана технологияларына жеткиликтүүлүккө бирдей мүмкүнчүлүк берет. Колдонмо мектептин актуалдуу окуялары, бала жөнүндө маалымат, анын иши жана үй тапшырмасынын аткарылышы жөнүндө кабар берет.

3.6. Атайын шаймандар жана техникалар менен жабдылган атайын багыттагы класстарда (информатика кабинеттери, smart-класстар) смартфондорду колдонуу.

4. Ден соолугуна байланыштуу телефонду колдонууга муктаж болгон балдарга уюлдук байланыш каражаттарын колдонууга чектөө коюлбайт.

5. Өзгөчө кырдаалдар учурунда жалпы билим берүү уюмдарында уюлдук байланыш каражаттары менен колдонууга чектөө коюлбайт.

6. Класста смартфондорду рюкзактардан алып чыгуу жогоруда көрсөтүлгөн пунктарга ылайык, максаттуу колдонуу учурларда гана сунушталат.

*Смартфондорду колдонуунун негизги максаты - окуу процессин ар тараптуу кылуу жана маалыматтык компетенттүүлүктү калыптандыруу көндүмдөрүн үйрөтүү болуп саналат. Ушуга байланыштуу билим берүү процессинин бардык катышуучулары үчүн жалпы билим берүү уюмуна киргенде уюлдук байланыш каражаттарын "үнсүз" режимге которуунун максатка ылайыктуулугун кароо зарыл (анын ичинде элес термелүүлөрдү болтурбоо үчүн титирөө режимин колдонууга болбойт).*

---

Приложение
к приказу Министерства образования
и науки Кыргызской Республики
от 30.08.2022 2022 года № 1655/1

**Рекомендации об ограниченном использовании учащимися устройств мобильной связи в учебном процессе общеобразовательных организаций Кыргызской Республики**

1. Настоящие Рекомендации об ограниченном использовании учащимися устройств мобильной связи в учебном процессе общеобразовательных организаций Кыргызской Республики разработаны с целью профилактики нарушений здоровья обучающихся и повышения эффективности образовательно-воспитательного процесса.

2. Ранний возраст начала использования устройств мобильной связи и длительное время их использования являются факторами, ведущими к нарушениям психики, что проявляется у ребенка повышенной раздражительностью, снижением долговременной памяти и умственной работоспособности, нарушением коммуникативных способностей и расстройством сна.

3. Рекомендуется ограничивать использование учащимися устройств мобильной связи в учебном процессе общеобразовательных организаций Кыргызской Республики, кроме следующих случаях:

3.1. Для поиска информации по учебному предмету для формирования информационной компетентности.

Поиск информации посредством возможностей смартфона помогает формировать готовность и способность учащихся самостоятельно искать, анализировать, отбирать, обрабатывать информацию, формировать аргументированные выводы, оценивать ее достоверность, критически осмысливать и принимать осознанные решения по планированию и осуществлению своей деятельности.

3.2. Для создания и использование онлайн-тестов в учебном процессе.

Использование смартфонов для проверки усвоения учебного материала может осуществляться посредством онлайн-тестов, интерактивных заданий и других методических материалов и инструментов, которые позволяют разнообразить формы обучения.

3.3. Для просмотра учебного видео или аудио записи.

Использование смартфонов для просмотра учебного видеоролика дает возможность интересно представить информацию и разнообразить учебный процесс. Использование аудио записей поможет на языковых уроках привить навыки понимания речи.

3.4. Для считывания QR-кодов для поиска информации.

Использование смартфона для считывания QR-кода может уменьшить время на поиск информации, на которую ссылается QR-код в учебниках и методических материалах учителя.

3.5. Для использования электронного дневника.

Электронный дневник обеспечивает равный доступ учеников к современным образовательным ресурсам и технологиям. Приложение оповещает об актуальных событиях школы, информацию о ребенке, его успеваемости и выполнение домашних заданий.

3.6. Для использования смартфонов в классах специального назначения (кабинеты информатики, smart-классы), оборудованные специальными устройствами и техникой.

4. Ограничение использования устройств мобильной связи не касается детей, нуждающихся в пользовании такими устройствами по состоянию здоровья.

5. При возникновении чрезвычайных ситуаций пользование устройств мобильной связи в общеобразовательных организациях не ограничивается.

6. Рекомендуется в классе доставать смартфоны из рюкзаков, только при целевом использовании, указанном в вышеперечисленных пунктах.

*Основная цель использования смартфонов это разнообразить учебный процесс и привить навыки формирования информационной компетентности. В связи с этим необходимо предусмотреть для всех участников образовательного процесса целесообразность перевода устройств мобильной связи в режим «без звука» при входе в образовательную организацию (в том числе с исключением использования режима вибрации из-за возникновения фантомных вибраций).*

---